| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛАСТЫ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**КӨК-ОЙ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**КОК-ОЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

«3» февраль 2024-жыл Көк-Ой айылы

Көк-Ой айылдык кенешинин
IX-чакырылышындагы 31- сессиясынын №31 токтому

**“Көк-Ой айылдык округдук кенеши” мекемеси, «Долоно айылдык аймактык кенеши», “Нуржанов айылдык аймактык кенеши” мекемеси “Кең-Кол” айыл өкмөтү мекемесине кошулуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүгүзүү жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №177 "Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө" токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесинин, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, “Көк-Ой” айылдык кенеши **ТОКТОМ КЫЛАТ**:

1. “Көк-Ой айылдык округдук кенеши” мекемеси, «Долоно айылдык аймактык кенеши», “Нуржанов айылдык аймактык кенеши” мекемеси бириктирүү жолу менен «Кең-Кол айыл аймагынын айылдык кеңеши» болуп кайра түзүлүүгө уруксат берилсин.
2. Мекемелердин мүлкүн инвентаризациялоо жана өткөрүп берүү актысына кол коюу жагы “Көк-Ой” айыл өкмөтү мекемесинин башчысы Мурат Шамильге жүктөлсүн.
3. Ушул токтомдун аткарылышы боюнча көзөмөлдү өзүмө калтырам.

**Төрага** **Джусупбеков К.М.**